Бул аба аркылуу жугуучу олуттуу оору. Кургак учукту дарылабаса өлүмгө алып келет.

Кургак учук менен ар бир адам ооруш у мүмкүн – аял да, эркек, кары да, жаш да, кедей да, бай да. Бирок кургак учуктан толугу менен айыкса болот.

## МААНИЛҮҮ!

***Кургак учуктан дарыгердин көзөмөлүндө гана дарыланса болот.***

Кургак учук дарылабаса, үй-бүлөңүзгө жана досторуңузга жугушу мүмкүн.

Орусияга жашап, иштөө үчүн келген мигранттар Бирдиктүү миграциялык борборго документтерин тапшырууда кургак учук боюнча текшерүүдөн өтүшү керек. Эгерде адам кургак учук менен ооруп калса, ал Орусияда мыйзамдуу түрдө жашап, иштей албайт. Ал дарыланышы керек. Дарыгерлердин көзөмөлүндө дарылануу курсунан өткөндөн кийин адам кайрадан миграциялык борборго документтерин тапшыра алат.

Мигрант Орусияда акы төлөп дарыланса болот же өз өлкөсүндө бекер дарылана алат.

## КУРГАК УЧУКТУН БЕЛГИЛЕРИ:

- Дененин ысышы (дене температурасынын жогорулашы)
- Үч жумадан ашык жөтөл
- Тибиттин начарлоосу
- Арыктоо
- Турукту алсыздык
- Түнү тердөө
- Лимфа түйүндөрүнүн шишиши

Эгерде сизде бул белгилер байкалса, сөзсүз дарыгерге кайрылыңыз! Ал сизге керектүү анализдерди жана дарылоону жазып берет.

Дарылоо алты айдан эки жылга чейин созулушу мүмкүн, ал оорунун формасына жараша болот.

Эгерде адам өз убагында дарыгерге кайрылып, дарылоонун толук курсун бүтүрүп, дарыгердин бардык көрсөтмөлөрүн аткарса, кургак учуктан толук айыгат.

Өз алдынча же достордун кеңеши менен дарыланууга болбойт. Бул оорунун өнүгүшүнө алып келиши мүмкүн.



## КУРГАК УЧУК МЕНЕН ООРУП КАЛБОО ҮЧҮН, БУЛ МААНИЛҮҮ:

- Көп учурда сиз жашаган батирди же үйдү желдетип, жууп тазалап, абаны нымдаштыруу иштерин жүргүзүңүз
- Жакшы тамактаныңыз
- Уйкуну кандырыңыз
- Тамекини жана спирт ичимдиктерин таштаңыз
- Башка оорулар болсо, убагында дарылаңыз

**Бул жерден сиз бекер консультация ала аласыз:**

**+7 967 079-71-45**
**+7 915 452-83-92**
**+7 910 000-55-18**

## «Ден соолука бир каадам:»

Бул жерде медициналык жардам алуу боюнча суроолоруңузга жооп беришет жана өзүңүздү кантип коргоо боюнча кеңеш беришет:

Региональная экспертная группа по здоровью мигрантов



# КУРГАК УЧУК ДЕГЕН ЭМНЕ?